**№17 С.Далбаев атындагы гимназия мектебинин 2021-2022 –окуу жылы**
**Административдик текшерүү иштерине далилдеме**

№17 С.Далбаев атындагы гимназия мектебинин 2021-2022 –окуу жылында 5-11-класстар арасындагы иш планында каралган административдик текшерүү иштери 2021-жылдын октябрь айында алынды. Административдик текшерүү иштеринин тапшырмалары УБнин отурумунда каралып, талкууланып, бекитилди. Тапшырмалар ар бир класстын окуу программасында каралган материалдарга таянып даярдалды.

Текшерүүнун жыйынтыгы чыгарылып, өндүрүштүк кеңешмеде каралды. Текшерүүнүн мониторинги даярдалды. Жыйынтыгы боюнча эң төмөнкү көрсөткүчтөрдү көрсөткөн класстар, алардын себептери аныкталды. (Мониторингдер)

Жыйынтыгы:

1. Билим сапатынын төмөндөп кетишинин себептери мектепке жаңы кирген окуучулардын билиминин төмөндүгү;
2. Аралыктан окутуу мезгилиндеги окуучулардын жоопкерчилигинин, ата-энелердин көзөмөлүнүн төмөндөп кетиши;
3. Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусунун төмөндөшү;
4. Ички жана тышкы миграциянын күчөшү.

Сунуштар:

5. Төмөнкү көрсөткүчтөрдү көрсөткөн класстар менен иш алып баруу.
6. Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун мотивациялоо.
7. Окуучулардын материалдарды өздөштүрүүсү үчүн жаңы ыкмаларды колдонуу.
8. Эң төмөнкү көрсөткүчтөрдү көрсөткөн класстар менен иш алып баруунун жоопкерчилигин УБ жетекчилерине мидеттендирүү.
9. Аткарылуучу иштери көзөмөлдөө ОТИ боюнча директордун орун басарларына милдеттендирүү.

ОТИ боюнча директордун орун басары: Кадырова Ф

**№17 С.Далбаев атындагы гимназия мектебинин 2021-2022 –окуу жылы жазуу иштерине далилдеме**

№17 С.Далбаев атындагы гимназия мектебинин 2021-2022 –окуу жылында 5-11-класстар арасындагы окуу программаларынын негизинде түзүлгөн календардык планында каралган жазуу иштери:

1. Кыргыз тили жана орус тили предметтеринен жат жазуу;
2. Математика, физика предметтеринен текшерүү иштери;
3. Информатика предметинен тесттик иштер;
4. Чет тилдерден предметтеринен тесттик иштер;
5. Тарых предметинен тесттик иштер;
6. Химия, физика, биология, география практикалык, лабораториялык иштер алынды.

Окуу программасынын негизинде жазуу иштеринин окуу жылы ичинде алына турган көлөмү, ченемдери тууралуу маалымат даярдалды.

Жазуу иштери;чейрек ичинде, чейректик, Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмү тарабына берилген билим денгээлин текшерүү иштери өз убагында аткарылды. Жазуу иштери окуу программасына дал келет. Тапшырмалар ар бир класстын окуу программасында каралган материалдарга таянып даярдалды.

Жазуу иштеринин жыйынтыгы чыгарылып, мониторинг түзүлүп өндүрүштүк кеңешмеде каралып турду. Жыйынтыгы боюнча эң төмөнкү көрсөткүчтөрдү көрсөткөн класстар, алардын себептери аныкталды. (Мониторингдер)

Жыл ичинде төмөнкү предметтер боюнча Бишкек шаардык Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмү тарабынан төмөнкү предметтерден билим денгээлин текшерүү иштери алынды:

1. Кыргыз тили -10-класс
2. Кыргыз тили -7-класс
3. Математика -5 –класс
4. Тарых – 10-класс
5. Англис тили -6 –класс
6. Физика -8 –класс
7. Информатика -10 класс

Билим денгээлин текшерүү иштеринин тапышырмалары Базар-Коргон райондук билим берүүбөлүмү тарабынан даярдалып, жөнөтүлүп жатты.Билим сапатынын көрсөткүчтөрү 40% жогору.«2» алган окуучулар менен, кетирилген каталардын үстүндө иш алынып барылды.
Билим сапатынын көрсөткүчтөрү далилдемеде көрсөтүлгөн.(Тиркеме)

Сунуштар:

1. Төмөнкү көрсөткүчтөрдү көрсөткөн класстар менен иш алып баруу.

2. Каталардын үстүндө иштөө.
3. Эң  төмөнкү көрсөткүчтөрдү көрсөткөн класстар менен иш алып баруунун жоопкерчилигин УБ жетекчилерине мидеттендирүү.

4. Аткарылуучу иштери көзөмөлдөө ОТИ боюнча директордун орун басарларына милдеттендирүү.

ОТИ боюнча директордун орун басары: Ф.Кадырова.